УДК 37.013.42-053.81
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-136-139

**ЖУМАТАЕВА А.С., НАЗАРБЕКОВА Б.Ж., МУРАТАЛИЕВА П.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ[1/2]
Бишкек иновациялык колледжи [3]
**ЖУМАТАЕВА А.С., НАЗАРБЕКОВА Б.Ж., МУРАТАЛИЕВА П.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына,
Бишкекский инновационный колледж
**ZHUMATAEVA A.S., NAZARBEKOVA B.ZH., MURATALIEVA P.M.**
KNU named after J. Balasagyn,
Bishkek Innovation College

# ЗАМАНБАП МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНДЕГИ ТАРБИЯ ИШТЕРИНИН МЕТОДДОРУ

# МЕТОДЫ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ В СОВРЕМЕННОМ ДОШКОЛЬНОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ УЧРЕЖДЕНИИ

# METHODS OF EDUCATIONAL WORK IN A MODERN PRESCHOOL EDUCATIONAL INSTITUTION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макала заманбап мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбия иштеринин методдорун изилдейт. Себеби бүгүнкү заманбап доордо мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбиялоо иштеринин методдорун толук түп тамыры менен өзгөртүү замандын талабы болуп жатат.

Макаланын негизин түзгөн тарбия ишин уюштурууда методдорду түшүнүү жана аң-сезимдүү пайдаланууда ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мобилдүүлүгүн жана үй-бүлөнүн мүнөздөмөсүн эске алуу зарылдыгы анализге алынды.

Ошондой эле билим берүү системасындагы бардык катышуучуларды активдештирүүгө жана алардын өз-ара аракеттенүүсүнө багытталган бир нече методдор белгиленип аныкталды.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются методы воспитательной работы в современном дошкольном образовательном учреждении. Это связано с тем, что в современную эпоху необходимо радикально менять методы воспитательной работы в дошкольных образовательных учреждениях. Проанализирована необходимость учета мобильности родителей (законных представителей) и особенностей семьи при организации воспитательной работы, что положено в основу статьи.

Выделено несколько методов, направленных на активизацию всех участников образовательной системы и их взаимодействие.

**Abstract:** This article discusses methods of educational work in a modern preschool educational institution. This is due to the fact that in the modern era it is necessary to radically change the methods of educational work in preschool educational institutions. The need to take into account the mobility of parents (legal representatives) and family characteristics when organizing educational work is analyzed, which forms the basis of the article.

Several methods have been identified aimed at activating all participants in the educational system and their interaction.

**Негизги сөздөр:** мектепке чейинки билим берүү; метод; үй-бүлө; тарбиялоо; тарбиялык иш; уюштуруу.

**Ключевые слова:** дошкольное образование; метод; семья; воспитание; воспитательная работа; организация.

**Keywords:** preschool education; method; family; education; educational work; organization.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунда тарбия иштерин уюштуруу методдору психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктү жогорулатууга жана ийгиликтүү өз ара аракеттенүүнү калыптандырууга багытталган. Ошондуктан тарбия ишин уюштурууда методдорду

түшүнүү жана аң-сезимдүү пайдаланууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мобилдүүлүгү; үй-бүлөнүн мүнөздөмөсү (курамы боюнча, балдардын саны боюнча ж.б.).

Көпчүлүк методдор жамааттык байланыштын жүрүшүндө өз ара аракеттенүүнүн жана аларды чечүүнүн ар кандай кырдаалдарын оюнга негизделген моделдөөнү ичине камтыйт. О.В. Солодянкина – ата-энелерди тарбия процессин пландаштырууга киргизүү методдорун; Н. В. Додокина "бала бакчадагы үй-бүлөлүк театр" – үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын өнүктүрүү технологиясын иштеп чыгышкан [4].

Изилдөөчүлөр Н.А. Виноградова жана О.Л. Зверева билим берүү системасындагы бардык катышуучуларды активдештирүүгө жана алардын өз-ара аракеттенүүсүнө багытталган төмөндөгүдөй ыкмаларды белгилешет:

- ролдук оюн – бул топтун катышуучулары тарабынан турмуштук кырдаалдардын белгилүү бир жүрүм-турумдук же эмоционалдык жагын өздөштүрүү кызыкчылыгында алдын ала бөлүштүрүлгөн ролдорду ойноо;
- мээ чабуулу (мээ чабуулу, "дельфи" методу) – берилген суроого кандайдыр бир жоопту баалоосуз кабыл алуу жана аны жазуу;
- презентация методу – окутуунун ар кандай техникалык каражаттарын пайдалануу аркылуу өзүнүн билимин, жөндөмүн, тажрыйбасын көрсөтүү;
- "кейс" методу – кырдаалдарды талдоо, иштиктүү кырдаалдардын субъекттери тарабынан түздөн-түз талкуулоо жана реалдуу практикадан алынган милдеттер;
- тренингдер, анын жүрүшүндө катышуучулар өздөрүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн билип гана тим болбостон, алардын конкреттүү көйгөйлүү жагдайларын да колдоно алуулары үчүн шарттар түзүлөт;
- тесттик кырдаалдар методу, анда атайын шарттарды түзүүнүн жардамы менен катышуучу өзүн кыйла активдүү жана айкын көрсөтө алат;
- мастер-класстар – өз ара аракеттенүү ыкмаларын, иш-аракеттердин ыкмаларын түз жана комментарий берүү аркылуу технологияларды көрсөтүү;
- тематикалык жана жекече консультациялар боюнча суроо-талаптар. Консультациялардын жүрүшүндө көйгөйдү талкуулоо гана эмес, аны чечүүнүн практикалык сунуштары да адистердин катышуусу менен уюштурулат [3].

Б.А. Конникова жана Г.И. Щукина тарбиялоо методдорунун классификациясын аныкташкан. Негизги критерий – баланын ишмердүүлүгүнө карата методдун функциясы, анткени тарбиялоо – бул ишмердүүлүктү уюштуруу процесси. Алардын системасында тарбиялоо ишин уюштуруу методдорунун төмөнкү бир нече топтору каралды:

- тарбия процессинде жакшы жүрүм-турум тажрыйбасын калыптандыруу методдору (окутуу, көнүгүү, тапшырма берүү, тарбиялоочу кырдаалдарды түзүү);
- коомдук аң-сезимди калыптандыруу методдору (маек, аңгеме, талаш, мисал);
- иш-аракетти стимулдаштыруу методдору (мелдеш, дем берүү, жазалоо) [7].

Азыркы учурда тарбиялоо методдорунун максаттары, каражаттары, ырааттуулугу, аларды колдонуу тартиби боюнча айырмаланган ар кандай классификациялары бар. Биз Г.И. Щукинанын классификациясына таяндык.

Ар бир метод педагогикалык кырдаалдын тажрыйбасына жараша колдонулат. Методду тандоо эрежелери төмөнкү критерийлер менен шартталган: тарбиячы менен тарбиялануучунун өз ара мамилесинин гуманизми; системалуу мамиле (толуктоого, оңдоого, башкалардан тактоого болот); реалдуу шарттарды жана аны ишке ашыруу каражаттарына дал келүү методу жана даярдоо. Тарбиялоонун методдоруна, ыкмаларына жана формаларына дифференцияланган мамиле мыкты сапаттарды калыптандырууда конкреттүүлүктү жана максатка умтулгандыкты камсыз кылат [10].

Практикалык ишмердүүлүктө мугалимдер, тарбиячылар, билим берүү методдорун тандап, тарбиялоонун максаты, анын милдеттери жана мазмунун жетекчиликке алышат.

Тарбиялоо процессинин негизин айрым методдор эмес, алардын тутуму түзөт. Методдордун бул системасы дайыма өзгөрүп турат, балдардын жашына, алардын тарбиясынын деңгээлине жараша өзгөрүп турат. Бул жерде педагогикалык чеберчилик, тарбиялоо ишин уюштурууда чыгармачылык мамиленин болушу зарыл.

Мектепке чейинки билим берүү процесси тарбиялануучунун жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын, мүнөзүн ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүдө өнүгүп келе жаткан мүнөзү

менен айырмаланат. Үй-бүлө менен байланышуу, ата-энелердин тарбиялоого катышуусу, маалыматтын жеткиликтүүлүгү, коом менен өз ара аракеттенүү тарбия иштерин уюштурууда оң натыйжа берет [8].

Учурдагы татаал жана карама-каршы тенденцияларга толгон дүйнөдө экологиялык көйгөйлөр глобалдык масштабга өткөндүгү баарыбызга маалым. Адамзат менен табияттын ортосундагы улам татаалдашып бара жаткан маселелер цивилизациянын негизине коркунуч алып келүү менен көп учурда адамдын жашоосунун мүмкүнчүлүктүрүн алдын ала айтууну татаалдаштырат [9]. Ошондуктан ар кандай тарбиялык иш педагог тарбиялык функцияларды, башкача айтканда тарбиялоо процессинде аткарылуучу милдеттерди, иштин түрлөрүн өздөштүргөндөн, аңдап билүүдөн башталууга тийиш.

2025-жылга чейинки мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү өнүктүрүү стратегиясы билим берүү системасында билим берүүнүн төмөнкүдөй өнүктүрүүнү талап кылат: билим берүү мазмуну өзгөртүү, билим берүү чөйрөсүндөгү мыкты педагогикалык тажрыйбага негизделген түрлөрүн жана ыкмаларын киргизүү жана билим берүү компонентин жакшыртуу жана натыйжалуу ишке ашырууга көмөк көрсөтүү; балдарды бири-бирине, үй-бүлөгө жана ата-энелерге, мугалимге, улуу муундарды урматтоону жогорулатууга, ошондой эле инсанды үй-бүлөлүк жана коомдук жашоого, эмгек ишмердигине даярдоого багытталган балдарды тарбиялоо программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөктөшүү; баланын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен анын инсандык өнүгүүсүнүн жеке траекториясын калыптандырууга багытталган тарбиялоо системаларынын жана технологияларынын вариативдүүлүгүн өнүктүрүү; тарбиялоону, анын ичинде үй-бүлөлүк; таланттуу балдарды табуу жана колдоо үчүн шарттарды өркүндөтүү; балдарды интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык, эмгектик, коомдук пайдалуу, көркөм-эстетикалык, дене тарбия-спорттук, оюн ишмердүүлүгүнө киргизүү формаларын өнүктүрүү [2].

Ошентип, тарбиялык иш – бул педагогикалык жамаат же өзүнчө педагог тарабынан аларды толук өнүктүрүү жана өзүн-өзү ишке ашыруу максатында жүзөгө ашырылуучу чоңдор менен балдардын биргелешкен жашоо-турмушун уюштуруу боюнча максаттуу иш-аракет. Тарбия иштери мектепке чейинки билим берүү уюмунда билим берүү процессинин милдеттүү түзүүчүсү болуп саналат.

Тарбиялык иштин формаларынын жана методдорунун ар түрдүүлүгү мугалим алдыга койгон максатка жетүү үчүн, аларды мугалим колдонууга мүмкүндүк берет. Формалар комплекстүү колдонулганда жана алардын ар бирин компетенттүү педагог туура колдоно алганда гана жакшы натыйжа берет.

Методдор тарбия иштерин уюштуруучулардан аларды тандоодо билимди жана индивидуалдык мамиле кыла билүүнү талап кылат. Тарбиянын жана бүтүндөй тарбиялоо процессинин ийгилиги көбүнчө методдорду билүүдөн жана аларды колдонуудан көз каранды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Алимбеков А.А. Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования: автореф. дис. … д-ра пед. наук: 13.00.01. – Бишкек, 2010.
2. Асипова Н.А., Социалдык тарбия. – Бишкек: КТМУ, 2004, 185-б.
3. Виноградов Н.А. Компетентный подход как основа модернизации профессионального образования // Народное образование, 2006, №2, с. 11-15.
4. Солодянкина О.В. Организация воспитательной работы в классе. – Москва: Педагогический поиск, 2000,160 с.
5. Мамбетакунов Э. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы. – Бишкек: Техник ББ, 2015, 128-б.
6. Рахимова М.Р., М.А. Абдыкеримова. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. – Бишкек, 2007, 218-б.
7. Щукина Г.И. Педагогические условия развития профессиональной общительности студентов университетат]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01. – Челябинск, 1996, 24 с.
8. Жуматаева А.С. Улууларды урматтоого байланыштуу салттуу баалуулуктарга карата азыркы жаштардын көз караштарын анализдөө // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2021, №5, 124-127-бб.

9. Жуматаева А.С., Сейдалиева Г.А. Кенже окуучуларга класстан сырткаркы иштерде экологиялык тарбиялоону жүргүзүү // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, №2 (114), 349-357-бб.

10.Малова О.Н. Воспитательный потенциал этнопедагогики в созвучии принципов федерального государственного образовательного стандарта дошкольного образования // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2023, №2 (114), с. 320-324.